**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 1093/1 2018 жылдын «28» августу

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын арасында тестирлөө өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги менен Кыргызстандагы "Эл аралык билим берүү боюнча америкалык кеңеш" өкүлчүлүгүнүн ортосунда 2016-жылдын 23-декабрында түзүлгөн Келишимдин негизинде, "ФЛЕКС" аталыштагы жогорку класстардын окуучуларынын эл аралык алмашуу программасынын алкагында

**буйрук кылам:**

1. 2018-2019-окуу жылында Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 9,10, 11-класстарынын окуучуларынын арасында ыктыярдуу негизде "ФЛЕКС" аталыштагы жогорку класстардын окуучуларынын эл аралык алмашуу программасы боюнча тестирлөөнүн I, II, III айлампалары өткөрүлсүн.
2. Тестирлөөнүн графиги жана өткөрүү орду 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин ректору (А.И.Мусаев), Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ректору (А.Р.Асанов), Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын жетекчиси (А.Р.Асанов), Ысык-Ата (Б.Т.Иманалиев), Жайыл (Э.А.Султанкулова (м.а.)) жана Токтогул (Д.К.Сулпукарова) райондук билим берүү бөлүмүнүн башчылары, Нарын (К.Т.Мамбетов), Талас (Б.Ж.Керимбаев), Кызыл-Кыя (Д.Д.Матосмонова), Балыкчы (Н.С.Мамбетова) жана Каракол (В.С.Апышева) шаардык билим берүү бөлүмүнүн жетекчилери, жалпы билим берүү уюмдарынын мүдүрлөрү бул буйруктун 1-тиркемесине ылайык бекитилген тестирлөө өткөрүү жайларында төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

3.1. Керектүү уюштуруу техникалары менен жабдылган атайын тестирлөө өткөрүү жайларын (дарскана, жыйын залы, спорттук зал, ашкана же рекреация) жана отургузуучу орундарды;

3.2. Санитардык-гигиеналык шарттарды (тестирлөө өткөрүү жайларын жарыктандыруу, желдетүү ж.б.), өрт коопсуздугун жана имараттан кошумча чыгуу жайларынын иштешин;

3.3. Окуучулардын өмүрүн жана ден-соолугун коргоону камсыз кылуу: медициналык жайдын иштешин, медицина кызматкерлеринин жана коопсуздук кызматынын 2 ден кем эмес өкүлдөрүнүн кезметчилигин уюштуруу;

Копия верна
28.08.18г